Бектилди:
КР ССМнын 2020-жылдын
«_____»____________
№_______ буйругу менен

# СТАНДАРТТЫК ОПЕРАЦИЯЛЫК ПРОЦЕДУРА АСЕПТИКАЛЫК ТАҢГЫЧ КОЮУ

Асептикалык таңгыч коюу стандарттык операциялык процедура (мындан ары - СОП) - эл аралык сунуштамалардын жана жергиликтүү ченемдик-методикалык документтердин негизинде иштелип чыккан.

## БАГЫТЫ:

СОП медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын камсыздоо системасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана бардык адистердин иш-аракеттерин стандартташтырууга, ошондой эле ишти аткаруу учурунда кетирилген каталар менен байланыштуу тобокелдиктерди азайтууга багытталган.

## АТКАРУУ БОЮНЧА ТАЛАПТАР

Аракеттенүү мезгилинде СОПту аткаруу милдеттүү болуп саналат, аны аткаруудан баш тартуунун жүйөөсү айтылып, документке түшүрүлүп, КР Саламаттык сактоо министрлиги менен макулдашуусу зарыл. Зарылчылыгына жараша СОП кайрадан каралып чыгып, КР ССМнын макулдугу боюнча өзгөртүлүүсү ыктымал.

**Максаты:** жараатты экинчи ирет инфекциялануудан жана айлана-чөйрөнүн жагымсыз таасирлеринен коргоо.

**Көрсөткүчтөр:** күйүктөр, үшүк алуулар, капыстан болгон жарааттар. Кургак антисептикалык таңгыч негизинен баштапкы жардам көрсөтүү учурунда колдонулат.

**Жабдылышы:** стерилизацияланган лоток, пайдаланылган материал үчүн лоток, антисептик, стерилизацияланган марли салфеткалар, ар кыл өлчөмдөгү бинттер же лейкопластырь, стерилизацияланган кол каптар, стерилизацияланган кайчылар, стерилизацияланган пинцет же кыскыч, кайчы.

**Алгоритм выполнения процедуры**

**Процедурага даярдык көрүү**

1. Бейтапка (туугандарына) боло турчу процедуранын максаты жана жүрүшү тууралуу түшүнүк берүү
2. Зарыл болгон жабдууларды даярдоо
3. Медициналык баш кийим жана бет кап кийүү
4. Бейтапка ыңгайлашып отуруусун айтуу же жардам берүү
5. Таңгыч оролуучу жердеги кийим-кечени чечүү
6. Колдорду гигиеналык ыкма менен тазалоо
7. Колдорду антисептик менен тазалоо. Стерилизацияланган кол каптарды кийүү.

**Процедураларды аткаруу**

8. Жарааттын айланасындагы терини антисептик менен тазалоо.
9. Пинцет же кыскычтын жардамы менен жараатка кургак жана стерилизацияланган салфетка коюу.

**Манипуляциялардын аякташы**

12. Кол каптарды чечип, аларды жана иштетилген материалдарды Б классындагы калдыктар үчүн идишке таштоо.
13. Колдорду гигиеналык ыкма менен жууп-тазалоо жана кургатуу.
14. Медициналык документтерге кызмат көрсөтүүлөрдүн жыйынтыгы тууралуу жазып коюу.